**Мустафа КАЛКАН**

# XVI кда ТҮШТҮК КАЗАКСТАНДЫН ӨРӨӨНҮНДӨГҮ АСКЕРДИК КЫЙМЫЛ ЖАНА КЫРГЫЗ-КАЗАК УРУУЛАРЫНЫН КООМДУК САЯСИЙ АРАЛАШУУЛАРЫ

Тимурийлер мезгилинде калмак кол салууларында[1] (1399) (бул мезгилде кыргыздар моголистан деп аталган аймакта жана могол улусунун башындагы ханга расмий абалда баш ийишкен мезгил эле) кыргыздар моголдор менен чогуу согуштарга катышышкан. Кыргыздардын[2] (1218—жылындагы көтөрүлүштөн кийин) моголдорго каршы чыгарган көтөрүлүштөрү аскердик күчтөр менен бастырылып турган. Буга карабай кыргыздар моголдорго эч бир убакта толугу менен баш ийишкен эмес. Моголдор мезгилинде таанылган нойондор жана Чыңгыз сулалеси тарабынан казактар (казак аты дагы пайда боло элек, болгону казактарды пайда кылган негизги уруулар бул аймактарда жашашкан мезгил) да алардын бийлигине баш ийишкен. Кыргыздар жана кийинчерээк казак калкын түзгөн уруулар аскер, салык төлөө, почтанын иштешинде негизги роль ойноп турган. Көчмөн өзбек элине кыргыз менен казак уруулары союз түзүп каршы чыккандары[3] белгилүү. Кийинчерээк Шейбани хандыгына таандык аймактарга, кийинчерээк Казакстан деп таанылган аймактардын, Кыргызстандын бир канча бөлүгү кирген. Мындан улам кыргыздар жерин коргоого аракеттене баштаган. Алар аскердик күчкө ээ союздаш издей башташкан.

Мавераннахр, Сырдарыя, Моголистан, Жети—Суу жана Таластагы саясий окуялар, душманга каршы тиренүүдө казактар да союздаш издей баштаган. Казактар жаңы саясий түзүлү курганына карабай душмандарынын күчтүү мамлекеттик түзүлүшкө ээ экени алардын тынчын ала баштаган. Чыңгызиддерге, Шейбанилерге, Калмактарга жана өзбектерге каршы чыгуулар казак, кыргыз урууларын экономикалык жана демографиялык жактан начарлаткан. Жаныбек жана Керей хан мезгилинен баштап[4] казактар тынымсыз согуштарга дуушар болушкан.

Кээ бир уруулар казак, кыргыз бирдигине кирсе кээ бирлери андан алыстай баштаган. Бийликтин тез тез алмашышы, хандардын аскердик жөндөмдүүлүктөрүнө ылайык урууларды өздөрүнө тартуусу, аскердик—экономикалык кызыкчылыктардан улам уруу башчыларынын ар кыл чечимдерди издеши бул мезгилге мүнөздүү болгон. Абулхайр мезгилинде булгачы атындагы уруулар Моголистандан чыгып Шейбани династиясынын аймагына кирген жерлерге жайгаша башташкан. Жогорудагы күрөштөрдө айрым уруулар башка жерлерге сүрүлүп чыгарылса, айрымдары жеңилүүгө учурап экинчи бир элге сиңип кетишкен. Аскердик түзүлүштүн ичиндеги кагылышуулар ар кыл географиялык аймактарда жүргөн. Жеңилген уруулардын жер которуусу жана мамлекеттин борборунун саясий кырдаалга карата белгилениши кыргыз, казак хандарынын күчтүү душманга карата жүргүзгөн тактикалык күрөшү десек болчудай.

Казак хандыгынын курулушу моголдордун үстөмдүгүнүн кулашын даярдаган сырткы факторлордун бири. Моголистандагы этникалык жактан калыптануусу жана көз карандысыздык үчүн күрөшү моголдордун бийлигинин кулашына тездеткен факторлорго кирет. Казак хандыгынын ортого чыгышы менен күчтүү уруулар кыргыздар менен социалдык байланышта болгон, бул өз кезегинде аскердик—саясий байланыштарды арттырган. Моголистан деп аталган аймакта кыргыз, казактардын коңшу жашашы алардын бири бири менен ар тараптуу жакындашышына түрткү болгон. Аймактагы күчтүү мамлекеттерге жана аскердик баскынчылыкка каршы туруунун бирден бир жолу өз ара биримдик куруу болгон.

Кыргыздар XV—XVII кк. моголдордун таасирине карабастан этникалык жактан саясий бүтүндүк түзө турган күчкө ээ

---

[1] Кычанов Е., Т. Бейшеналиев. Юань—Мин доорундагы кыргыздар. (Которгон: Эсентур Кылычев) // АТ.—1990— № 7.— 111—б.

[2] Монголдордун кыргыздарга чабуулу боюнча караңыз: М. Іакинөомъ. Исторія первыхъ четырехъ ханов изъ дома Чингисова. Спб., 1829.—С. 91—97, 200—230.

[3] Бартольд В. В. Сочинения. Москва, 1968.—Т. V.—С. 173.

[4] Мухаммад Хайдар Дулати. Тарих—и Рашиди. Перевод. А. Урунбаева, Р. П. Джалиловой, Л. М. Епифановой. Алматы.—1999.—С.108, 117—118, 145.

болушкан жана көз карандысыздыкка умтулушкан. XV—XVII кк. эки элдин тең өзүнүн элдүүлүгүн сактоо үчүн болгон күрөштө окшош окуяларды башынан кечиришкен. Кыргыздар тектүү мамлекет куруу тажрыйбасын колдонуп, бул мезгилде аскердик—саясий союз түзүүлөр болгон.

Казак хандыгынын саясий тарыхынын калыптануусунда өз бийлигин бекемдөөдө Түркстан жана Жети—Суу аймагынның мааниси чоң. Түркстан шаарлары[5] казактардын Орто Азия калктары менен экономикалык, маданий жана саясий байланыштарында Жети—Суу[6] аймагы болсо казактар менен кыргыздардын жана Чыгыш Түркстан калктарынын этникалык жактан калыптануусунда маанилүү рол ойногон. Бул аймакта казак үстөмдүгүнүн орношу менен XV—XVII к. Жети—Суу талааларында (бул аймакка кирген кыргыздар жашаган аймактарда) кыргыздар менен казактардын бирдиктүү аракеттерди башкаларды сестендирген. Бул аскердик биримдик Казак хандыгынын күчүн арттырган[7].

Казактар менен кыргыздар арасындагы алгачкы саясий байланыштар Керей хандын мезгилинен башталган. (Эсен Бука казактары кыргыздар жана калмактардын үстүнөн башкаруу үчүн жөнөтүлгөн 1460—ж.[8]). Касым хандын казактарды бириктирүү аракеттери жана ошол эле мезгилдерде Бурундук хандын ар кыл аймактардагы аскердик жүрүштөрү[9], кыргыздар менен жылуу мамилени басаңдаткан. Касым хандын колуна өткөн шаарлардын арасында (1512) Талас[10] жана Сайрам шаарлары бар. Бул аймакта кыргыздар жашашкан. Казак хандарынын эң кубаттууларынын бири Касым хандын мезгилинде казак бирдигин түзгөн уруулардын арасын байыркы кыргыз урууларынын да киргендиги жөнүндө маалыматтар бар. «Тоолуу аймактарда жашаган кыргыз уруулары болсо өз алдынча жашоосун улантышкан»[11].

Бул мезгилде кыргыздарга жана казактарга Жети—Суу аймагындагы байыркы уруулардын киргендиги байкалат. Байыркы мезгилдерден бери көктүрктөрдүн мезгилинен бери белгилүү болгон тектүү уруулардын аттары казактарда кыргыздарда бир атта же болбосо окшош атка ээ болгон уруулар кезиге баштайт. Жогорудагыдай окшоштуктар ири уруулардын ичинде гана эмес айрым уруктардан да (урууну түзгө чакан уруктар) көрүүгө болот. Бул мезгилдерде ар уруу башчылары өз урууларын башкарган жана борбордук бийликке да баш ийип турушкан. Булактардагы маалыматтарга караганда Касым хандын мезгилинде казактар кыргыздардын бирдигин багындыра алган эмес. Ошол эле мезгилде моголдор да кыргыздардын үстүнөн толук бийликке жеткен эмес. Кыргыздарды биротоло багындыруу максатында ар кыл сапарларга чыгып турган[12].

Касым хан бийлеп турган Түштүк—батыш Жети—Суу Моголистанга кирген эмес. Ысык—Көлдү кыргыздар ээлеп турушкан, Теңир—Тоодогу түрк тилдүү калктар менен аралашып, өз жашоолорун өткөзүшкөн. Касым хандын уулу Мамаштын бийлиги бир эки жыл гана сүргөн, 1523—жылы Тахир хандын бийликке келиши менен кыргыздар менен казактардын байланышы арткан. Жети—Сууда жашаган казактар кыргыздар менен саясий союз түзүү ойлору (өзбек мангыттардын кээде моголдордун биригүүсүнүн натыйжасында союздаш издөөгө мажбур болушкан). Тахир хандын мезгилинде ишке ашкан, айрым учурларда казак ордосунун көпчүлүгү кыргыздардан турган. Тахир хандын мезгилинде могол ханына баш ийип, көптөгөн аскердик жортуулдарына катышкан Мухаммед Кыргыз кыргыздарды жетектеп турган. Мухаммед Кыргыздын кыргыздарды бириктирүү, бийликти колго алуу аракеттерине моголдор жол берген эмес, натыйжада Мухаммед Кыргыз казактар

[5] Пищулина К. А. Присырдарьинские города и их значение в истории казахских ханств в XV—XVII веках. // Казахстан в XV—XVIII веках. Алма—ата, 1969.—С. 41.

[6] Байыркы мезгилдерде Жетисуудагы соода боюнча караңыз: Рашид-ад-Дин. Сборник летописей. Пер. Ю. П. Верховского. Примечания Ю. П. Верховского и Б. И. Панкратова. М.–Л., 1960.-Т. 1.-Кн. 2.-С. 97; XIII. жана XV к. Жетисуудагы соода боюнча караңыз: Старокадомская М. К. Солхат и Каффа в XIII—XV вв. // Феодальная Таврика. Киев, 1974.—С. 168—169.

[7] Әбусейитова М. Х. XVI ғасырдың екінші жартысы- XVII ғасырдың басындағы қазақ мемлекеті. // Қазақстан тарихы. Алматы, 1998.- Т. II.- 408-б.

[8] МИКХ. Алма—ата, 1969.—С. 353.

[9] Кәрібаев Б. Б. Мұхаммед хайдар дулати және XV-XVI ғғ. қазақ хандығы тарихының мәселелері. // Мұхаммед хайдар дулати. Халықаралық ғылми-теориялық конференцияның материалдары 3-4 маусым 1999. Алматы, 1999.-160-161-б.

[10] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Бишкек, 1993.— Т. I.— 80—б.

[11] Аттокуров С. Кыргыз этнографиясы. Бишкек, 1997.— 23—б.

[12] Мухаммад Хайдар Дулати. Тарих—и Рашиди. Алматы.—1999.—С. 107—108, 322—323.

менен биригүүнү туура көргөн. Казак ханы Тахир менен аскердик бирдик түзүп моголдорго жана башка душмандарга каршы биргелешип күрөшүүнү чечишкен[13]. 1514–жылы Султан Саид хан Кашкар шаарын алууда, Тахир хан Түркстан[14] жана Сайрам шаарларын алууда Мухаммед Кыргыздан жардам алышкан. Бул мезгилдерде кыргыз уруулары Моголистандын кээ бир аймактарында өз бийлигин орното башташкан. Мухаммед Кыргыздын мезгилинде кыргыздардын аскердик үстөмдүгү Ысык–Көл жана Жети–Суу аймактарына чейин кеңейген. Ысык–Көлдүн түштүк тарабындагы Барскоон шаары борборго айланган»[15]. Могол ханы Мухаммед Кыргызды эки жолу туткунга түшүргөн. Казактар менен кыргыздардын аскердик күчтүү бирдик түзүшүнө, казак хандарынын күчтөнүшүн каалашкан эмес.

1524–жылы казак ханы Тахир кыргыз аймагына келип, бийлигин чыңдоого аракет кылган. Тахир хан кыргыздар менен макулдашып аскердик күчтөрүн бириктиришкен. Тахир хандын мүнөзүнүн чукулдугу жана кол алдындагыларга жасаган орой мамилесинен улам, көптөгөн казак уруулары аймактан көчүүгө аргасыз болушкан. Айрым казактардын Тахир хан менен келишпестигин карабастан кыргыздар менен болгон мамиле бузулган эмес. Могол ханынан сырткары өзбектер, ногойлор, калмактар менен болгон салгылашта бирдикте күрөшүшкөн. Бул мезгилде Кочкор, Атбашы, Жумгал кыргыздарынын аскердик чабуулдарга катышып, маанилүү рол ойногондуктарын көрүүгө болот. Могол хандары кыргыздардын бул аракеттерине жооп катары кыргыздарга кол салган жана аларды бүлгүнгө учураткан. Атбашыдагы кыргыздардын үйүр үйүр жылкылары тартылып алынган, бирок 1527–жылы Тахир хан Атбашыга келип, моголдордон кыргыздардын жылкыларын жана туткундарын бошоткон[16]. Тахир хан Саид хандын уулу Абдурашид менен макулдашып (1524–ж.) могол ханына баш ийген кыргыздардын бир бөлүгүн өз урууларына кошкон. Бул учурда калмактар кайрадан баш көтөрүп, күчтөнө башташкан. Могол хандары (Рашид хан) аймакты таштап кетүүгө аргасыз болгон.

1525–1526–ж. Тахир хандын Шейбанилер менен болгон күрөшүндө аскердик бөлүгүнүн көбүн кыргыздар түзгөн. Согушта Шейбанилер жеңишке жетишишкен. Кыргыз бирдиктери оор жоготууларга учураган. Мухаммед Хайдар Дуулатттын берген маалыматына караганда 1525–1526–ж. Тахир хан жеңилгенден кийин Моголистандын аймагына кетүүгө аргасыз болгон, жайгашкан жер Кашкар шаарына жакын болгон. Тахир ханга жакын жашаган кыргыздар казактарга келип кошулушкан. 1526–ж. Султан Саид хан Кашкардан Атбашыга жортуулдаган мезгилде Тахин хандын кол астындагы казактар Моголистандын чыгыш тарабына Хасс (хас)[17] жана Кункаш (кунгес)[18] аймагына жайгашышкан[19]. Тахир хан кыргыздардын арасында узак убакыттар бою жашаган, ошол жакта көз жумган. Казактар менен кыргыздардын саясий байланыштары Тахир хандын тууганы Буйдаштын мезгилинде да уланган. Булактарда кездешкен маалыматтарга таянсак Буйдаш Тахир хандын мезгилинде кыргыздардын арасында жашаган, алар менен бирге согуштарга катышышкан. 1530–1560–ж. Буйдаш кыргыздар менен чогуу Жети–Суу аймагында жашап турган, 30 000 айланасында кыргыз, казактардан туган күчү болгондугу маалымдалат.

Адик Султандын уулу Буйдаш хан казактардын эле ханы эмес кыргыздардын да ханы деп эсептелген. Хижра 944–ж. (1537)[20] сапар айынын 18–күнүндө орун алган салгылашта казак жана кыргыз аскерлери чоң кыргынга учураган. Кандуу салгылашта казак ханынын династиясынан Жаныбектин тукуму Токум хан (1535–1537) сыяктуу көптөгөн султандар өлүмгө

[13] Мухаммад Хайдар Дулати. Тарих–и Рашиди. Алматы.–1999.–С. 435–436.

[14] Смагулов Е., Ф. Григорьев. Основные этапы формирования некрополя средневекового города туркестана. // Загадки древнего туркестана. Алматы, 1998.–С. 162–163.

[15] Кычанов Е., Т. Бейшеналиев. Юан–мин доорундагы кыргыздар. // Кыргыздар. Бишкек, 1991.– Т. II.– 247–б.

[16] Бартольд В. В. Кыргыздар. // Кыргыздар. Бишкек, 1991.– Т. II.– 172–б.

[17] "Кйат жана Нускаттын арасында жайгашкан". Бартольд В. В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Сочинения. Москва, 1963.–Т. I.–С. 204–205.

[18] "Или суусунун бир куймасы" Мурзаев Э. М. Природа Синьцзяна и формирование пустынь Центральной Азии. М., 1966.–С. 339.

[19] Мухаммад Хайдар Дулати. Тарих–и Рашиди. Алматы.–1999.–С. 439.

[20] Шах–Махмуд Ибн Мирза Фазил Чурас. Хроника./ Критический текст, перевод, комментарии, исследование и указатели Акумушкин О. Ф. М., 1976.–С. 267.

учураган. Кайрадан 1537–1538–ж. Ысык–Көлдө моголдор менен өзбектер биргелешип Сенташ[21] деген жерде казактардын бирдигине кол салган жана алардын үстүнөн жеңишке жетишишкен. Бул чаташуулар кыргыздар турган аймакта болгондуктан изилдөөчүлөр кыргыздардын да бул согушка катышыш мүмкүн деген тыянакка келишет. 1544–ж. Барак хан (Буудан хан деп да кездешет) мезгилинде кайрадан Ысык–Көлдө жашаган казактарга кол салгандыгы байкалат[22]. Бул мезгилдерде казактар кыргыздар менен бирге күрөшүшкөн, бул жолку салгылашта казактар менен катар кыргыздардын мал–мүлкү талоонго учураганы менен алардын өмүрүнө зыян келген эмес.

Могол ханы Рашиддин казактарга жасаган жортуулдарында казак аты дайыма кыргыздар менен бирге айтылат. Жети–Суу аймагында кыргыз уруулары менен казактардын биригишинен улам, моголдорго каршы күчтүү бирдик түзүлгөн жана кийинки согуштар казак, кыргыздардын пайдасына чечилген. Рашид хан Жети–Суу аймагына ээ чыгып уул Абдулатифти жиберген, бирок Акназар хан кыргыздар менен биригип Абдулатифтин үстүнөн жеңишке жетишишип, өзүн өлтүрүшкөн[23]. Акназар хан тарыхый булактарда казак, кыргыз ханы катары аяндалат. Абдулатифтин өлүмүнөн кийин Абдурашид үч ай бою Акназар хандын артынан түшүп, Эмил деген жерден кармаган жана уулдары менен кошуп өлтүргөөлтүргө[24]. Бул салгылашта көптөгөн кыргыздарды туткунга алган. Абдуллах хандын Ошко, Анжиянга жасаган жортуулдарында кыргыздардын Тилек, Байбото, Кара, Сатымбай, Кайсары, Жолбулду, Каракүчүк, Каракчы сыяктуу бектеринин катышкандыгы белгилүү»[25].

[21] "Чүй өрөөнүндө Ысыката суусуна жакын жердеги аймак жана Түштүк Алатоолордун чыгыш тарабындагы аймак". Масальский В. И. Росия. Полное географическое описание нашего отечества. / Под ред. В. П. Семенова–Тян–Шанского. Туркестанский край. Составил Масальский В. И. Спб., 1913.– Т. XIX.–С. 766.

[22] Акимушкин О. Ф. К вопросу о внешнеполитических связах Могольского государства с узбеками и казахами в 30–х годах XVI в.–60 х годах XVII в.–Палестинский сборник. Л., 1970, XXI (84).–С. 237–238.

[23] Бартольд В. В. Кыргыз жана кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1997.-124-б.

[24] Тарих–и Кашгар. // Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Которгон:М. Кожобеков, Т. Абдиев). Бишкек, 2002.– Вып. I–310–б.

[25] Аттокуров С. Кыргыз этнографиясынын тарыхнаамасы. Бишкек, 1996.–22–б.

М. Абусейитованын Шерефнаме–и Шахиге таянып берген маалыматтарына караганда «Эми Султандын Шейбани Абдуллах хандын аскерлеринен качып, кыргыздарга келип, Адил жана Хади султандан башка Кыргыз Хусейин бей менен кошулуп көтөрүлүш чыгарып Фергана жана Ходжакат шаарына чейин келгендиги маалымдалат»[26]. Кыргыздар бул мезгилде султанга чоң күч катары боло баштаган. Жада калса кээ бир аскердик союздарда да катыша баштаган. XVI к. баштап казактар менен бирге кыргыздар болжол менен 200 жыл бою «Актабан–шубуруну»[27] мезгилине чейин бул аскердик союздун ичинде орун алган. Абдурашид хан Шейбанилер менен союз түзүп, казак, кыргыздарга каршы Жети–Суу, Ысык–Көл аймагына 1551–1556–ж. арасында кол салган. Бирок ойлогон ою ишке ашпай, болгону казак, кыргыздардын аскердик күчү бир аз начардаган. Рашид хандын кол салууларында кыргыздарга таандык кээ бир аймактар могол ханына өткөн.

1558–ж. казак, кыргыз аскердик жактан союз түзүшүп күч алып турган мезгилинде казактар Ташкентти, кыргыздар болсо Кашкарды коркуткандыгы булактардан маалым. Бул эки калк кээ бир мезгилдерде (казактар, кыргыздар) Кытай менен Батыш Азия ортосундагы соода жолун контролдоп да турган. 1560–жылдары кыргыздар Шейбани, могол, ногой, казак, кыргыз жана калмак согуштарынан кийин казак армиясына кошулуп күчтөнө башташкан[28]. Эсим хан (1598–1628) казактардын бийлиги астындагы (байыркы Могоистандын түндүк–чыгышы–түштүк Казакстан) аймактарда моголдор менен каршы күрөштү уланткан. Анын кыргыз бийлери менен байланышы болгон кыргыз урууларынын ага багымдуу экенин көрсөткөн далилдер бар[29]. XVII к. башында казак, кыргыз аскердик кыймылдары чогуу болгон.

Кыргыздар менен казактар аскердик–

[26] Әбусейитова М. Х. XVI ғасырдың екінші жартысы- XVII ғасырдың басындағы қазақ мемлекеті. // Қазақстан тарихы. Алматы, 1998.- Т. II.- 413-б.

[27] Мағуин М. Қазақ тарихының әліппесі. А., 1995.-29-б.

[28] Абусеитова М. Х. Взаимоотношения Казахсиана со странами и народами Центральной Азии. // История Казахстана и Центральной Азии. Алматы, 2001.–С. 314–315.

[29] Валиханов Ч. Ч. Записки о киргизах. Собр. соч. в 5 т. Алма–Ата, 1985.–Т. II–С. 77.

саясий окуяларга каршы чогуу киришишкен, душманга каршы чогуу күрөшүшкөндүгүнүн негизги себеби—тил жагынан окшоштугу, маданият жагынан орток экени, уруулар арасындагы туугандык байланыштар болуп саналат. Кыргыздардын бекем мамлекеттик түзүлүшү менен казактардын санынын көптүгү бириккенде кең талаада алардын бийлиги күчтөнө баштаган. Кыргыздар 1510—1658—ж. чейин казактар чогуу болгону булактардан байкалат, Алар 170 жыл бою[30] аскердик жана саясий жактан союз түзүшкөн. Бул мезгил ичинде кыргыз, казак союзунда кандайдыр бир чоң маселе, чатактар чыккан эмес.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ЖАНА БУЛАКТАР


1. Абусеитова М. Х. Взаимоотношения Казахсиана со странами и народами Центральной Азии. // История Казахстана и Центральной Азии. Алматы, 2001.

2. (Абусеитова) Әбусейитова М. Х. XVI ғасырдың екінші жартысы- XVII ғасырдың басындағы қазақ мемлекеті. // Қазақстан тарихы. Алматы, 1998.- Т. II.

3 Акимушкин О. Ф. К вопросу о внешнеполитических связах Могольского государства с узбеками и казахами в 30—х годах XVI в.—60 х годах XVII в.— Палестинский сборник. Л., 1970, XXI (84).

4. Аттокуров С. Кыргыз этнографиясы. Бишкек, 1997.

5. Аттокуров С. Кыргыз этнографиясынын тарыхнаамасы. Бишкек, 1996.

6. Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1997.

7. Бартольд В. В. Кыргыздар. // Кыргыздар. Бишкек, 1991.— Т. II.

8. Бартольд В. В. Сочинения. М., 1968.— T.V.

9. Бартольд В. В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Сочинения. М., 1963.—Т. I.

10. (Бичурин) М. Іакинөомъ. Исторія первыхъ четырехъ ханов изъ дома Чингисова. Спб., 1829.

11. Валиханов Ч. Ч. Записки о киргизах. Собр. соч. в 5 т. Алма—Ата, 1985.

12. Кәрібаев Б. Б. Мұхаммед хайдар дулати және XV-XVI ғғ. қазақ хандығы тарихының мәселелері. // Мұхаммед хайдар дулати. Халықаралық ғылми-теориялық конференцияның материалдары 3-4 маусым 1999. А., 1999.

13. Кычанов Е., Т. Бейшеналиев. Юань—Мин доорундагы кыргыздар. (Которгон: Эсентур Кылычев) // АТ.— 1990— № 7.

14. Мағуин М. Қазак тарихының әліппесі. А., 1995.

15. Масальский В. И. Росия. Полное географическое описание нашего отечества./Под ред. В.П. Семенова-Тян-Шанского. Туркестанский край. Составил Масальский В.И. Спб.,1913.-Т. XIX.

16. МИКХ. (Материалы по истории Казахских ханств XV—XVIII веков (извлечения из персидских и тюрских сочтнений).—Алма—ата, 1969.

17. Мурзаев Э. М. Природа Синьцзяна и формирование пустынь Центральной Азии. М., 1966.

18. Мухаммад Хайдар Дулати. Тарих—и Рашиди. Перевод. А. Урунбаева, Р. П. Джалиловой, Л. М. Епифановой. А.—1999.

19. Пищулина К. А. Присырдарьинские города и их значение в истории казахских ханств в XV—XVII веках. // Казахстан в XV—XVIII веках. Алма—ата, 1969.

20. Рашид-ад-Дин. Сборник летописей. Пер. Ю. П. Верховского. Примечания Ю. П. Верховского и Б. И. Панкратова. М.–Л., 1960.-Т. 1.-Кн. 2

21. Смагулов Е., Ф. Григорьев. Основные этапы формирования некрополя средневекового города туркестана. // Загадки древнего туркестана. Алматы, 1998.

22. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Бишкек, 1993.— Т. I.

23. Старокадомская М. К. Солхат и Каффа в XIII—XV вв. // Феодальная Таврика. Киев, 1974.

24. Тарих—и Кашгар. // Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Которгон:М. Кожобеков, Т. Абдиев). Бишкек, 2002.— Вып. I.

25. Шах—Махмуд Ибн Мирза Фазил Чурас. Хроника./ Критический текст, перевод, комментарии, исследование и указатели Акумушкин О. Ф. М., 1976.


[30] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Бишкек, 1993.— Т. I.— 165—б.